Ош облустук коомдук-саясый гезити

www.oshinfo.kg

Ош жаңырыгы

ГЕЗИТ 1938-ЖЫЛЫ 14-ОКТЯБРЫНДА НЕГИЗДЕЛГЕН: "КЫРГЫЗСТАН БОЛЬШЕВИГИ", "ЛЕНИН ЖОЛУ"

№23 [17019] ИШЕМБИ, 01/08/2026

ШКУ: КЫРГЫЗСТАН ЭМНЕ БЕРИП, ЭМНЕ АЛАТ?



3-бетте

VI ДҮЙНӨЛҮК КӨЧМӨНДӨР ОЮНДАРЫНА КАРАЙ ИШЕНИМДҮҮ КАДАМ



8-бетте

НООКАТ ШААРЫ ӨНҮГҮП-ӨСҮҮДӨ



5-бетте

Эне - өлкөнүн келечеги



2-бетте

Чыгармачылык середеги ийгилик



6-бетте

Коллегиялык жыйын



КР Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү Аманкан Кенжебавдин төрагалыгы алдында Ош облусунун социалдык -экономикалык өнүгүшүнүн 2026- жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы жана 2026 - жылдын экинчи жарым жылдыгына милдеттер боюнча коллегиялык жыйын өткөрүлдү. Жыйынга райондук мамлекеттик администрацияларынын башчылары- акимдер, шаарлардын мэрлери, айыл өкмөттөрүнүн башчылары, райондук агрардык өнүктүрүү башкармалыктарынын, статистика бөлүмдөрүнүн, салык кызматынын райондук башкармалыктарынын жана билим берүү бөлүмдөрүнүн башчылары катышышты.

Жыйында облустун биринчи жарым жылдык көрсөткүчтөрү тууралуу айтылды. Ар бир тармак боюнча аткарылган иштердин жыйынтыктары жана орун алган кемчиликтер каралды.

Эки айыл өкмөтүнүн ишмердүүлүгү жана салык кызматынын кызматкерлеринин аткарган иштери жогору бааланып, ыраазычылык билдирилди. Билим берүү тармагынын жетекчилерине билимдин сапатын жогорулатуу боюнча катуу тапшырмалар коюлду. Мурдагы жылга салыштырмалуу билимдин деңгээлин көтөрүү жана изилдөө милдети жүктөлдү. Гидрометеорологиялык кызматтын кызматкерлерине катуу талаптар коюлду.

Мындан тышкары, жакында боло турган көчмөндөр оюндарына облустун даярдыгын күчөтүү зарылдыгы айтылды.

Жыйындын соңунда ыйгарым укуктуу өкүл башка дагы бир катар тармактар боюнча кечиктирилгис чараларды көрүү зарыл экендигин белгилеп, катуу талаптарды койду.

Эне - өлкөнүн келечеги



Жакында Кара -Суу районунда көп балалуу энеелерге “Баатыр эне” жана “Эне даңкы “медалдарын ташыруу аземи болуп өттү. Иш- чарага КР Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн биринчи орун басары Мирлан Орозбаев жана Кара -Суу мамлекеттик администрациясынын башчысы -аким Чынгыз Бапаев катышып, энелерге мамлекеттик сыйлыктарды тапшырышты. КР Президентинин 2026 жылдын 13 -майындагы №161 жана 162 Жарлыктарына ылайык, Кара - Суу районунан жалпы 90 көп балалуу эне мамлекеттик сыйлыктарга татыктуу болушту. Алардын ичинен 49 энеге “Баатыр эне”, ал эми 41 энеге Эне даңкы “ медалдары ыйгарылды.

Даярдаган:К.Кыдыралиева.

Маданий тажрыйба алмашуу маанилүү



Корея Республикасынын алдыңкы жогорку окуу жайларынын бири болгон Суңшил университетинин окутуучулары жана студенттеринен турган 30 адамдык ыктыярчылар делегациясы Ош технологиялык университетинде уюштурулган жайкы мектепке (Summer School) келди.

Суңшил университетинин өкүлдөрүн ОшТУнун ректору, профессор Жанболот Турсунбаев кабыл алып, эки тараптуу кызматташтыкты өнүктүрүү маселелери боюнча пикир алмашуу болду. Жолугушуунун жүрүшүндө тараптар билим берүү жана академиялык байланыштарды мындан ары да кеңейтүүгө кызыкдар экендиктерин билдиришти.

Ыктыярчылар тобунун сапарынын негизги максаты — эки өлкөнүн жана эки университеттин ортосундагы достук мамилелерди бекемдөө, ошондой эле билим берүү жана маданий кызматташтыкты өнүктүрүү болуп саналат.

Белгилей кетсек, Ош технологиялык университети менен Суңшил университетинин ортосунда 2018-жылы түзүлгөн кызматташтык келишимининалкагында жыл сайын жай мезгилинде Суңшил университетинен келген ыктыярчылар кыргыз студенттери үчүн корей тили жана маданияты боюнча жайкы мектепти уюштуруп келишет. Бул программа студенттердин тилдик көндүмдөрүн өнүктүрүүгө, маданий тажрыйба алмашууга жана эл аралык кызматташтыкты чыңдоого өбөлгө түзүүдө.

ОшТунун басма сөз кызматы.

Тарых баракчаларынан

БИЛИМ БЕРҮҮГӨ КӨҢҮЛ БУРУЛГАН

Тарыхыбызда ар кандай окуялар болгон. Айтсак, татаал Улуу Ата Мекендик согуш учурунда жашоо бир топ кыйын эле. Ага карабай бардык тармактарды өнүктүрүү көз жаздымда калган эмес. Маселен, билим берүү тармагындагы абалга дайыма көңүл бурулуп келген. Бул тууралуда быйыл 100 жылдыгы белгиленип жаткан архив кызматынын документтеринде сакталып калган фактылар бар.

Архивдик документтерде мамлекетте өсүп келе жаткан муундун билим алышына жана тарбияланышына карата камкордук көрүлгөндүгү тууралуу айтылат. Ал мезгилде мугалим кадрлары жетишкен эмес, анткени, мугалимдер фронтко жана жетекчилик кызматтарга жиберилген эле.

1942- жылы Ата Мекендик согуштун оор мезгилинде партиянын Ош обкомунун бюросунда “Ош облусундагы мугалим кадрлары жана алар менен иш алып баруунун абалы жөнүндө” аталышындагы маселе каралган. Бюродо облус боюнча мектептерде иштешкен 2382 мугалимдин 1735инин 7 класстык жана андан төмөнкү класстык гана билими бар экени айтылган. Ошондой эле 1217 мугалимдин гана мектепте иштегендигине 5 жыл стажы болгон. Айрыкча, кыргыз класстарында мугалим кадрлары боюнча абал оор болгон, мугалим кадрлары жетишкен эмес.

Облус боюнча жогорку билими бар 3 гана мугалим болгон, жогорку окуу жайын толук бүтпөгөн 11 мугалим, 53 мугалим 5 же 7 класстык билими менен иштешкен. Мугалим кадрларынын катуу жетишпегенине карабастан облустун жер -жерлеринде мугалимдерди башка кызматтарга тартышкан. Мугалимдер колхоздун төрагасы, сельсоветтин төрагасы жана башка кызматтарга тартылган.

Облустук билим берүү башкармалыгы мугалимдердин иштен алынышы, бир иштен башка ишке өтүшү менен алек боло алган эмес, көңүл бура албаган. Бул болсо мектептерде билим берүүнүн сапатын начарлаткан. Согуштун кыйынчылыгынан окуучулар кийимдери жок окууга келе албай калышкан. Согуштун оорчулугуна карабастан мектептерде окуучуларга сапаттуу билим берүүгө умтулушкан. Мектептердин санитардык абалы, окуу, тарбия иштерин колго алуу керек болгон. Облуста мугалимдердин жетишпестигинен партиянын Ош обкому токтом кабыл алып, анда Кыргыз ССРнин КП/ б/сынын Борбордук комитетинен Кыргыз ССРинин билим берүү Наркомуна Ош облусунда мугалимдерди



даярдоочу 5 айлык курс ачып, ага 100 адамды кабыл алуу тапшырмасын коюуну сураган. Партиянын райком, шааркомдорунун катчыларын, облустук билим берүү башкармасынын башчысын облус аймагынан аскерге милдеттүү эмес эркектерден жана аялдардан турган курстун угуучуларын топтоону милдеттендирген. Ошондой эле райборборлордо эки айлык, бир айлык квалификацияны жогорулатуу курстары ачылган. Мектептердеги иштеген мугалимдерди башка кызматтарга тартууга карата көзөмөл күчөтүлгөн.

Архивде партиянын Ош шааркомунун кадрлар боюнча катчысынын партиянын обкомуна жазган отчету сакталган. Анда кыргыз мектептеринин башталгыч класстары үчүн мугалимдерди даярдоо үчүн 5 айлык курста сабак өтүү үчүн Ош шаарында Киров мектебинен окутуу үчүн жана Ленин мектебинен жатакана үчүн жай ажыратылгандыгы айтылган. Аларга мамлекет тарабынан тамак аш камсыздоо жагы да каралган. Курсту Оштогу ошол кездеги педагогикалык окуу жайынын башчысы Наби Каримов жетектеген. Каримов Таскир, Базаров Чекир, Галимов Мавли, Шамсутдинов Эргеш, Померанцев Ф.Г. курстагы окутуучулар болгон. Булардын ичинен Базаров Чекир мурунку адегенде “Кыргызстан Большевиги”, кийин “Ленин жолу”, ал эми азыр “Ош жаңырыгы” делген биздин газетабызда редактор болуп иштегендигин белгилейбиз.

Жогоркудай аракеттердин натыйжасында Ош облусунун аймагында 1944 -жылдын 1 октябрына карата 509 мектепте жаш жеткинчектерге билим берилген. Анын ичинен 402 мектеп кыргыз мектеби, 47си өзбек мектеби, 4 тажик мектеби, 25 орус мектеби. Аралаш 28 мектеп жана 3 поляк тилиндеги мектеп болгон. Колхоздордун эсебинен 22 интернат, мамлекеттик бюджеттин эсебинен 15 интернат ачылган. Мектептерде иштешкен мугалимдерге жана окуучуларга шарттарды түзүү, мектептердин материалдык- техникалык абалын жакшыртуу багытында да иш алып барылган.

Ош облусунун чек ара райондорунда билим берүүнү жакшыртууга чоң көңүл бурулган. 1944- 1945 жылдары орто мектептердин санын 4кө, жети жылдык мектептердин санын 9га, баштапкы мектеперди 2ге көбөйтүп, 11 интернат уюштуруу керек болгон. Алай, Совет (азыр Кара -Кулжа) райондорунда баштапкы мектеп, 7 жылдык мектептер, орто мектептер жана интернаттар ачылган. Мектептерде китепканалар ачылып, окуу жылынын башына жаңы окуу китептери, географиялык карталар, дептерлер, калемсаптар, карандаштар, өчүргүчтөр алынып келе баштаган. Бирок, албетте, булар жетишээрлик өлчөмдө келген эмес.

Согуштун оор күндөрүндө да өлкөбүздүн эли фашизмди жеңүүгө толук ишенишкен, татыктуу, согуштан кийинки келечекти кура турган мууну өстүрүп, тарбиялоого умтулушкан. Бул тилектер, аракеттер толук ишке ашты.

Нурия Хасанова,
ЮМГА ОПДнын архивисти.

ШКУ: КЫРГЫЗСТАН ЭМНЕ БЕРИП, ЭМНЕ АЛАТ?



Быйыл Шанхай Кызматташтык уюмунун (ШКУ) 25-саммити Кыргыз Республикасынын төрагалыгы менен Бишкек шаарында 30-31-август жана 1-сентябрь күндөрү өтөт. Уюмдун түзүлгөнүнүн 25 жылдыгына карата уюштурулуп жаткан Евразиялык масштабдагы бул иш-чарага 21 мамлекеттин башчысы катышаары күтүлүүдө. Бул саммитке улай Кыргызстан VI Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарын кошо өткөрөт. Демек Кыргызстан ШКУнун алкагында экономикалык, социалдык жана маданий-гуманитардык кызматташтыкты эле эмес, аймактагы коопсуздук, айрыкча, экстремисттик жана террористтик уюмдардын маселелерине да өзгөчө көңүл бурдурууга аракет кылууда.


Экономикалык кызматташуу

Акыркы төрт жылда Кыргыз Республикасынын ШКУ мамлекеттери менен болгон товар жүгүртүүсү 2,2 эсеге көбөйдү. Мисалы: 2025-жылы өлкөгө тартылып келген түз инвестициялардын көлөмү 1,3 миллиард долларга жетип, өткөн отчеттук жылга салыштырмалуу 25%га өскөн. Ал эми ШКУнун алкагында Кыргыз Республикасына эң ири экономикалык өнөктөштөрдүн бири болгон Кытай менен 2025-жылдын жыйынтыгы боюнча товар жүгүртүүнүн рекорддук чеги 27 миллиард долларга жеткен.

Учурда Кытай менен экономикалык жактан кызматташууга бүтүндөй дүйнө кызыктар болуп тургандай. Анткени эл аралык серепчилердин баамында учурда алар “экинчи Европага” айланып баратат. Ошондуктан Кыргызстан дагы бул мүмкүнчүлүктөн пайдаланууга чоң шаны бар. Айрыкча транспорттук инфраструктура, энергетика, өнөр жай, логистика жана кайра жаралуучу энергия булактары багытындагы долбоорлор стратегиялык маанеге ээ.

Ал эми курулуп жаткан Кытай – Кыргызстан – Өзбекстан темир жол долбоору Кыргызстан эле эмес, бүтүндөй Борбор Азия үчүн экономикалык жаңы жана чоң мүмкүнчүлүктөрдү ачканы жатат. Бул каттам Азия менен Европаны байланыштырган эң кыска жана натыйжалуу транзиттик коридорлордун бирине айланары белгилүү.

Жалпысынан Кыргызстан менен Кытайдын экономикалык кызматташтыгы салттуу соода алакасынан стратегиялык өнөктөштүккө өтүп баратат. Инфраструктуралык долбоорлор, өндүрүш, энергетика, айыл чарба, логистика жана санариптик экономикадагы кызматташтык – өлкөдөгү инвестициялык жагымдуу шарттарды күчөтүп, аны Евразиядагы маанилүү транзиттик жана өндүрүштүк борборлордун бирине айландырууга багытталган.



Мындай кызматташтык Кыргызстандын экономикалык өсүшүн тездетүүгө, экспорттук мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө жана жаңы жумуш орундарын түзүүгө олуттуу салым кошо алат.

Суу жана экология көйгөйү

Кыргызстан тоолуу өлкө катары, суу башы экени белгилүү. Ошондуктан көп жылдардан бери сууну сатуу боюнча коомчулукта сөз болуп келген. Коңшулар менен ынак мамилени сактап-шы үчүн Кыргызстандын расмий бийлиги бул тууралуу сөз козгочу эмес. Бирок азыркы президент Жапаров коңшу өлкөлөр суу үчүн компенсация бериши боюнча маселе көтөрө баштады.

Ал быйыл, 23-апрелде Казакстанда, 2023-жылы 14-сентябрда Тажикстанда көтөргөн. Жапаров Кыргызстан суу топтоп, суу сактагыч жана башка курулмаларды тейлөө үчүн былтыры эле 80 млн долларга жакын, ал эми соңку беш жылда 259 млн доллардай акча коротулганын, ага карабай ал үчүн аймактагы өлкөлөрдөн башка бир ресурс түрүндө компенсация албай келгенибизди айткан. Буларга кошумчалап, Кыргызстандын аймагында жылына 50 млрд куб метр суу жыйналып, биз анын 12 миллиардын гана колдонуп, калган 38 миллиарды коңшу өлкөлөргө кетээрин билдирген.

Кыргызстан ШКУнун бул саммитинде ушул маселени ортого салып, коңшулар менен кеңешип алууга дагы бир жакшы шарт түзүлүп турат. Бирок суу маселеси боюнча көтөрүлгөн мындай сунуштар коңшу мамлекеттерди ынтымакка эмес, каршылашууга түртүшү мүмкүн. Анткен менен Кыргызстан суу тармагындагы буга окшош көйгөйлөр эртеби кечпи чечилиш керек деген позицияда турат.

Мындан өткөн дагы бир көйгөй бар. Ал экосистеманы коргоо. Климаттын өзгөрүшү олуттуу маселеге айланып баратат. ШКУнун аймагы тоолор менен талаалардан тартып, чөлдөр менен түбөлүк тоңгон муз тоолоруна чейинки кең-ири экосистемаларды камтыйт. Бирок глобалдык жылуулуктун кесепеттери бул аймактын энергетикасынан тартып, айыл чарбасына, суу ресурстарына түздөн-түз таасир этип, туруктуу өнүгүүгө зыянын тийгизет.

Маданий кызматташуу жаатындагы үмүттөр

Жогоруда айтылгандай, аталган саммиттин алкагында Кыргызстан VI Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарын кошо өткөрөт. Бул – Кыргызстанга эл аралык чоң аброй алып келет. Анткени дүйнөнүн ири державаларынын жана аймактык лидерлердин Бишкекке келип, бул иш-чараларга катышуусу өлкөнүн дипломатиялык салмагын жогорулатат. Кыргызстан чакан мамлекет болгону менен, Чыгыш менен Батышты, Түндүк менен Түштүктү байланыштырган нейтралдуу сүйлөшүү мейкиндиги боло аларын көрсөтөт.



Ар эки жылда болчу дүйнөлүк көчмөндөр оюндарын алгач 2014-жылы Кыргызстан демилгелеп өткөргөн. Бул жолу анын ШКУга улай өтүшү – көчмөндөр цивилизациясынын маданий мурастарын дүйнөгө кайрадан жарыя кылууга жакшы шарт түздү. Ал аркылуу Кыргызстан да өзүнүн тарыхын, салтын, улуттук баалуулуктарын жана туристтик мүмкүнчүлүктөрүн дүйнөлүк аудиторияга чыгарууга мүмкүнчүлүк алып отурат.

Ошентип, учурду туура пайдаланган шартта бул эки ири ишчаранын удаа өтүшү – Кыргызстанды дүйнөгө маданий жактан бай, саясий жактан активдүү жана ишенимдүү өнөктөш мамлекет катары тааныта алат.

Мындан сырткары, көңүл бура турган дагы бир маанилүү тармак бар! 2026-жылдын 19-20-июнунда Кыргызстандын Чолпон-Ата шаарында ШКУнун медиа форуму өттү. Ага алдыңкы медиа өкүлдөрү, беделдүү медиа тармагынын эксперттери жана дипломаттар катышты. Бул медиа форумдун негизги максаты – ШКУ өлкөлөрүнүн ортосундагы медиа кызматташтыгын чыңдоо, маалымат жана коммуникация жаатындагы өнөктөштүктү өнүктүрүү жана санариптик трансформация контекстинде бирдиктүү кесиптик диалогду өнүктүрүү болгон.

Кытай менен визасыз режим кирсе кандай болот?

Жакында Ош шаарында Кытайдын консулдугу кайрадан ишин баштаганы маалым болду. КР ТИМ министри Жээнбек Кулубаев 13-июлда журналисттер менен жолукканда билдиргендей, ал КЭРдин жаңы консулунун ишке ыйгарым укук берген документке кол койгон. Бул консулдук 2019-жылдан бери белгисиз себептерден улам иштебей келген. Жаңы ачылган консулдук эми өлкөнүн түштүк аймагындагы жарандарга кызмат кылат.

Виза демекчи, Кыргызстан КЭР менен визасыз режим киргизген эмес. Ал эми буга чейин Борбор Азиядагы Казакстан менен Өзбекстан Кытай менен визасыз режимге өтүшкөн. Бул жагынан алганда Кыргызстан деле ары бир күнү мындай тартипке өтөбү деген ой туулат. Анткени эл арасында эки өлкө визасыз тартипти киргизсе кандай болот деген суроо туула баштады. Мүмкүн өтүшү деле ыктымал, а мүмкүн андай болбойт.

Бирок кыргыз коомчулугунда “Кыргызстанга кытай жарандары көбөйүп жатат, бул кооптуу көрүнүш” деген сөздөргө расмий органдар жооп берип, баары көзөмөлдө экенин айтышууда.

Терс таасири дегенде кандай маселелер болушу мүмкүн? Алардын эң негизгилеринин бири – экстремисттик уюмдардун баш көтөрүшү. Анткени тоскоолдуксуз өтүү – ар кандай багыттагы күчтөрдүн каалагандай иш аракет кылуусуна да шарт түзөт.

Соңунда:

ШКУга мүчө болуу Кыргызстанга үч негизги багытта пайда алып келет.

Коопсуздук жана туруктуулук. ШКУнун аймактык терроризмге каршы түзүмү аркылуу Кыргызстан "үч кара күчкө": экстремизмге, терроризмге жана сепаратизмге каршы күрөштү координациялоо үчүн биргелешкен маалымат базаларына кирүү мүмкүнчүлүгүнө ээ болот. Бул тышкы жана ички тобокелдиктерди эске алганда абдан маанилүү.

Транспорт жана транзиттик тунгуюк. ШКУ мегадолбоорлорду илгерилетүү үчүн саясий кол чатыр катары кызмат кылат. Алардын эң негизгиси – Кытай-Кыргызстан-Өзбекстан темир жолу. ШКУга мүчө болуу инвестицияларды тартууга, Кыргызстанды тунгуюк өлкөдөн транзиттик хабга айландырууга жардам берет.

Инвестицияларга жана ачык рынокко жетүү. ШКУнун платформасы Кытай жана башка өнөктөштөр менен соода-экономикалык интеграцияны жеңилдетет. Бул гидроэнергетика жана жашыл экономика жаатындагы долбоорлорду алга жылдырууга мүмкүнчүлүк берет.

Кыргызстан ШКУга эмне сунуштай алат?

Кичинекей экономикасына карабастан, Кыргызстан бул уюм үчүн уникалдуу геосаясий жана логистикалык мааниге ээ. Анткени Кыргызстан географиялык жактан Кытайдын Синьцзян-Уйгур автономиялуу районун (СУАР) Борбор Азия жана Жакынкы Чыгыш, андан ары Европа менен байланыштырат. Бул экономикалык маанилүү багыт.

Дүйнөлүк климаттын өзгөрүшүнүн шартында Кыргызстан ШКУнун алкагында мөңгүлөрдү коргоо, тоолуу аймактарды туруктуу өнүктүрүү жана суу-энергетикалык баланс маселелерин активдүү түрдө алдыга жылдырууда. Бул уюмдун экологиялык аспектисин бекемдейт.

Чек ара жаатындагы кызматташуу тажрыйбасы жана өнүккөн жарандык коом сектору менен Кыргызстан гуманитардык кызматташтыкка салым кошуп, ШКУнун алкагында маданий карым катнашты күчөтөт.

Асанбек Каракозуев,
“Ош жаңырыгы”
гезитинин
башкы редактору.

Үй-бүлө – моралдык тарбиянын жана бактылуу келечектин негизи

«Балдарды тарбиялоо — бир жагынан эмгек, экинчи жагынан милдет».
Ф. М. Достоевский.

(башталышы мурунку санда)

Изилдөөгө катышкан балдар менен сүйлөшкөндө, алар ата-энелер ар дайым өзүн «баарын туура жасаган жогорку сот» катары көрсөтпөстөн, балага жакын болуп, жөнөкөйлүгүн, кичи пейилдигин жана боорукерлигин көрсөтүшү керек экендигин белгилешти. Ата-энелер өздөрүнүн балалык чагы, кетирген каталары, алардын кесепеттери жана бүгүнкү күнгө чейин уялып жүргөн учурлары жөнүндө балдары менен бөлүшө алышы керек. Бул баланын ата-энесине ишенимин арттырып, анын өзүнүн туура эмес иштерин жашырбай айтып берүүсүнө жана келечекте ошол каталарды кайталабоосуна жардам берет.

Башталгыч мектеп курагындагы балдар ата-энелери менен көбүрөөк баарлашууга, көп суроо берүүгө жана алардын кеңешин алууга абдан кызыкдар болушат. Бул мезгилде баланы алыстатпоо, анын суроолоруна көңүл бурбай коюу же ата-эненин дайыма бош экендигин шылтоо кылуу туура эмес.

Анткени баланын берген суроолору анын дүйнөнү таанып-билүүгө болгон аракетин билдирет. Эгер ата-эне бир нече жолу баласы менен сүйлөшүүгө убакыт таппай, анын кызыгуусун четке какса, бала акырындап өзүнүн көйгөйлөрү жана ойлору менен бөлүшүүнү токтотот. Мындай учурда бала кеңеш сурап, ар кандай темада сүйлөшө ала турган башка адамдарды издей баштайт. Кээ бир учурларда ал туура эмес адамдардын таасирине түшүп, туура эмес кеңештерди алып калышы мүмкүн. Натыйжада ата-эне баланын моралдык өнүгүүсүнө таасир берүү мүмкүнчүлүгүн жоготуп алышы ыктымал. Бул тууралуу орус педагогу А. В. Ломакин да белгилеп, ата-эненин бала менен болгон үзгүлтүксүз байланышы анын инсандык калыптанышында маанилүү орунда турарын айткан.

Адеп-ахлактык маданият жана моралдык баалуулуктар төрт негизги булактан калыптанат: аң-сезим, уят, жоопкерчилик жана милдет сезими. Аң-сезим адамдын алган билимин, коомго, башка адамдарга жана өзүнө карата болгон милдетин түшүнүүсүн бириктирет. Адам өзүнүн аң-сезимин жоготсо, айлана-чөйрөгө кайдыгер мамиле кылып калышы мүмкүн. Аң-сезим — адамдын жүрүм-турумун көзөмөлдөгөн ички күч. Ал адамдын жан дүйнөсүндө жашап, анын аракеттерин, чечимдерин жана жасаган иштерин баалоого жардам берет. Бул акыл менен жүрөктүн биргелешкен назик иши болуп саналат. Адам өзүнүн жүрүм-турумун талдап, туура же туура эмес экендигин баалоо аркылуу моралдык жактан өнүгөт.



Башкача айтканда, аң-сезим адамдын ичинде жашаган, анын ар бир аракетин байкап, баалап турган ички көзөмөлчү сыяктуу кызмат аткарат. Бул түшүнүктөрдү балдардын сезиминде бекемдөө үчүн мектептин түрүнө карабастан, азыркы коомдогу моралдык тарбияга тоскоол болгон айрым жагдайларга өзгөчө көңүл буруу зарыл. Аларга ата-эненин ажырашуусу, конфликттүү үй-бүлөлөр, жетим балдар, ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдар жана атайын камкордукка муктаж мекемелерде жашаган балдар кирет. Мындай шартта жашаган балдарды туура тарбиялап, коомго толук кандуу инсан катары кошуу үчүн мектеп менен ата-энелердин, ошондой эле коомдук уюмдардын биргелешкен иши маанилүү. Алар менен ар кандай тарбиялык иш-чараларды өткөрүп, өз ара пикир алышып, турмуштук тажрыйбалар менен бөлүшүү зарыл.

Мындай иш-чараларга ата-энелер катышкан концерттер, спорттук мелдештер, сахналаштырылган театралдык көрсөтүүлөр жана чыгармачылык жолугушуулар кирет. Муундарды бириктирген мындай жандуу байланыш балдарга өз элинин тарыхына жаңы көз караш менен кароого, өзүнүн жарандык позициясын калыптандырууга жардам берет. Мындай иш-чараларды уюштуруп өткөрүү абдан маанилүү. Анткени социалдык жактан ар кандай шартта жашаган балдарды да коомдон бөлбөй, алардын толук кандуу инсан болуп өсүшүнө шарт түзүүбүз керек. Биз алардын баары менен бир бүтүн коомбуз.

«Менин үй-бүлөмдүн дарагы» аттуу иш-чара үй-бүлөгө болгон тиешелүүлүк сезимин өнүктүрүүгө чоң жардам берет. Бул иш-чараны мектепте өткөрүү аркылуу үй-бүлө менен мектептин ортосундагы байланышты бекемдөө максаты көздөлөт. Анткени биргелешкен аракеттер аркылуу гана балдардын билим алуусунда гана эмес, алардын тарбиясында да олуттуу ийгиликтерге жетишүүгө болот. Бул өтө маанилүү.

Интернатта жашаган 9-«В» классынын окуучусу Ж. С. өзүнүн жазган эмгегинде мындай ой билдирген:

«Бардык ата-энелер балдарын тарбиялоодо өз жоопкерчиликтерин толук аткара бербейт. Анын себептери ар кандай болушу мүмкүн: ашыкча жумуш жүгү, социалдык жактан мүмкүнчүлүгү чектелген үй-бүлөлөр жана башка жагдайлар. Бирок, натыйжада эң көп жабыркагандар — балдар.

Ойлонуп көрүңүз: канча бала интернаттарда же балдар үйлөрүндө жашайт! Мамлекет бала өзүн жалгыз сезбеши үчүн жана анын материалдык муктаждыктары камсыз болушу үчүн бардык аракетин көрөт. Бирок, эч нерсе үй-бүлөнү, эненин жылуу кучагын жана эненин мээримин алмаштыра албайт.

Жөн гана «Апа» деген сөздү айтуу ар бир бала үчүн канчалык маанилүү экенин элестетип көрүңүз!»

Бул ойлор үй-бүлөнүн бала үчүн канчалык маанилүү экенин дагы бир жолу далилдейт.

Бүгүнкү күндө баланын ар тараптуу өнүгүүсү үй-бүлөнүн, мектептин жана коомдун биргелешкен аракетинен көз каранды. Үй-бүлө баланын алгачкы тарбия очогу болсо, мектеп анын билим алып, социалдашуусуна шарт түзөт. Ал эми жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жаштар саясатын ишке ашырып, үй-бүлө институтун бекемдөөгө багытталган социалдык долбоорлорду уюштуруу аркылуу бул процессти колдойт.

Ош шаардык мэриясынын бул багыттагы ишмердүүлүгү өзгөчө маанеге ээ. Билим берүү мекемелери, социалдык өнүктүрүү кызматтары, укук коргоо органдары, саламаттыкты сактоо мекемелери жана жарандык коом уюмдары менен биргеликте үй-бүлөлүк баалуулуктарды чыңдоого багытталган ар кандай иш-чараларды өткөрүп келет.

Ошондой эле социалдык жактан аз камсыз болгон, көп балалуу, толук эмес жана турмуштук оор кырдаалга кабылган үй-бүлөлөргө укуктук, психологиялык жана социалдык жардам көрсөтүлүп, балдардын укуктарын коргоо боюнча алдын алуу иштери жүргүзүлөт. Жаштар арасында укук бузуулардын, үй-бүлөлүк зомбулуктун, мектеп рэкетинин, баңгизаттын жана башка терс көрүнүштөрдүн алдын алуу боюнча маалыматтык жолугушуулар, лекциялар жана профилактикалык иш-чаралар уюштурулуп келет.

Өзгөчө көңүл бурууну талап кылган балдардын катарына интернаттарда тарбияланып жаткан, ата-энесинин камкордугунан ажыраган, ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген жана социалдык жактан аялуу үй-бүлөлөрдүн балдары кирет. Алардын коомго толук кандуу аралашуусуна шарт түзүү мамлекеттин, жергиликтүү бийликтин, мектептин жана жалпы коомчулуктун маанилүү милдеттеринин бири болуп саналат. Ар бир бала сүйүүгө, камкордукка жана татыктуу келечекке укуктуу.

Жыйынтыктап айтканда, үй-бүлө – баланын жашоосундагы биринчи тарбия мектеби жана моралдык баалуулуктардын негизги булагы болуп саналат. Дал ушул үй-бүлөдө адамдын абийири, жоопкерчилиги, эмгекчилдиги, боорукерлиги, адилеттүүлүгү жана мекенчилдиги калыптанат.

Мектеп бул процессти улантып, баланын билим деңгээлин гана эмес, анын руханий дүйнөсүн да байытууга көмөк көрсөтөт. Ал эми жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, мамлекеттик мекемелер жана жарандык коом үй-бүлөнү колдоо аркылуу балдардын толук кандуу өнүгүшүнө шарт түзүшөт.

Балдарды тарбиялоонун негизги максаты – билимдүү гана эмес, жогорку адеп-ахлакка ээ, жоопкерчиликтүү, мекенин сүйгөн, эмгекчил жана адамгерчиликтүү жаранды тарбиялоо. Бул максатка жетүү үчүн үй-бүлө, мектеп жана коом бир багытта аракеттениши зарыл.

Анткени бүгүнкү бала – эртеңки мамлекеттин келечеги. Анын кандай инсан болуп калыптанышы ар бир ата-эненин, мугалимдин жана жалпы коомдун жоопкерчилиги болуп саналат.

Н.А.Закиров,
Ош шаарынын мэриясынын социалдык өнүгүү бөлүмүнүн башчысы.

КАМБАРАЛЫ БОБУЛОВДУН 90 ЖЫЛДЫГЫНА КАРАТА

Улуттун рухун көтөргөн улуу сынчы

Камбаралы Бобулов 1936-жылы Ноокат районундагы Өсөр айылында туулган. 1958-жылы Кыргыз мамлекеттик университетинин филология факультетин аяктаган.Билимин жогорулатуу үчүн Москвадагы коомдук илимдер Академиясында окуп, филология илимдеринин кандидаты болгон. К.Бобулов эмгек жолун Ала Тоо журналында иштөөдөн баштаган. Кийин “Правда” газетасынын Кыргызстандагы өз кабарчысы болуп эмгектенген. Андан кийин “Кыргызстан пионери” газетасынын редактору, Эне тил” коомунун президенти болуп, мамлекеттик тилдин өнүгүшүнө, улуттук маданияттын өсүшүнө салымын кошкон. Эл өкүлү катары да коомдук иштерге активдүү катышкан. Камбаралы Бобулов кыргыз адабиятынын теориясы, тарыхы жана көркөм сын жаатында баалуу эмгектерди жараткан. Айта кетсек, “Адабий турмуш



ойлору”, ”Адабият жана мезгил”, ”Фольклор жана адабият” аттуу адабий сын китептери жарык көргөн. ”Түштүк кызы” повести, “Махабат аралы” аттуу ыр жыйнагы кыргыз адабиятынын алтын казынасына кирген.

Камбаралы Бобулов кыргыз элинин корүнүктүү адабиятчысы, адабий сынчы, акын, прозачы, публицист жана коомдук ишмер, Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер. Туулуп өскөн айылында Камбаралы Бобулов атындагы көчө жана Камбаралы Бобулов атындагы орто мектеп бар. “Мекеним барда мен бармын, Мекеним барда Камбармын” деп жазган.

Жакында Ноокат райондук борборлоштурулган китепканада Кыргыз Республикасынын Президентинин Улуттук дем дүйнөлүк бийиктик” уңгу жолу жарлыгынын алкагында Кыргыз Республикасынын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, жазуучу, адабий сынчы, котормочу жана коомдук ишмер Камбаралы Бобуловдун 90 жылдыгына арналган “Мекеним барда мен бармын, Мпекеним барда Камбармын” аттуу темада эскерүү кечеси болуп өттү.

Кече “Ак таңдай” коомдук бирикмесинин төкмө акындарынын саламдашуусу менен башталды. Адабиятчы, сынчы К.Бобулов өз мезгилинде кыргыз тилинин макамы, улуттун ар түрдүү намысы



тууралуу далай макала жазып жогорку трибунадан көп маселелерди көтөргөн. Ал кишинин адабияттагы сыны менен махабат ырларынын өз орду бар экендиги кечеде белгиленди. Иш-чарага китепкананын алдында уюштурулган “Ак тилек” адабий ийриминин мүчөлөрү, жалпы китепкананын кызматкерлери, китеп окурмандары катышып, өздөрүнүн К.Бобуловко арналган ырларынан окуп беришти. Камбаралы Бобуловдун чыгармаларынан көркөм окуп беришти.

Бурма Ысакова.

НООКАТ ШААРЫ ӨНҮГҮП-ӨСҮҮДӨ

Шаардын өнүгүп-өсүүсү аны жетектеген инсандын уюштуруучулук жөндөмүнө, жоопкерчилигине жана эл менен иштөөнү билген сапатына байланыштуу болот эмеспи. Бул жагынан алганда, Ноокат шаарынын мэри Абдибаев Аскарали Рысбекович өзүнүн ишмердүүлүгү, уюштуруучулугу менен шаардын социалдык-экономикалык абалын өнүктүрүүгө багытталган демилгеси, натыйжалуу уюштуруучулугу менен өзгөчөлөнүп турат.

А.Рысбековичтин демилгеси менен шаардын ичиндеги көчөлөрдү ондоо, жашылдандыруу, санитардык-тазалыкты сактоо,- калктын жашоо-шартын жакшыртуу багытында бир топ иштер аткарылды.

Ноокат шаарындагы аткарылып жаткан иштер тууралуу сөз кылмакчыбыз.

Кыргыз Республикасынын 2003-жылдын 8-сентябрындагы №214 мыйзамынын негизинде Ноокат шаары райондук денгээлдеги шаар статусун алган. Таштак, Кара-Турпак, Бостон, Барын болуп, жалпысынан 4 аймактык башкармалык , 52 көчөдөн турат. Жалпы аянты: 358 га. Ноокат шаарынын аймагында 23 мамлекеттик мекеме, 12 муниципалдык объект, 1 оорукана, 2 ФАП, 3 жеке клиника, 22 дарыкана, 3 УЗИ, 1 АСЗ, 55 коомдук тамактануучу жай (кафе жана ашкана), 1 ресторан, 1 борбордук базар жайгашкан.

Бүгүнкү күндө кадрлардын кызмат орундарын толуктоо конкурска өтүнмөлөр электрондук түрдө жиберилип, кадрлардын ички резерви түзүлгөн. “Е-кызмат” кадрдык түзүмүнүн бирдиктүү базасына Ноокат шаарынын мэриясынын кызматкерлеринин баардык тиешелүү маалыматтары киргизилген. Учурда бул база 100% толук иштеп жатат.

Мэрияда «Infodocs» электрондук документ жүгүртүү тутуму менен иш кагазадарынын кирүү чыгуу процесси толугу менен көзөмөлдөнөт. Электрондук номенкулатура түзүлүп, бекитилген. Бүгүнкү күндө аппарат толук бул система менен иш алып барат.

Чакан жана орто ишкерликти өнүктүрүү

2026-жылдын биринчи жарым жылдыгында шаар аймагында жаңы өндүрүштүк, соода жана тейлөө объектилери ачылып, жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүн көбөйтүүгө жана калкты иш менен камсыз кылууга салым кошууда. Жарым жылдыктын жыйынтыгы менен жалпысынан 48 жаңы жумуш орду түзүлүп, анын ичинен 30 жаран жалданма кызматкер катары ишке орноштурулду.

Отчеттук мезгил ичинде төмөнкү жаңы ишкердик субъектилери өз ишмердүүлүгүн баштады: «Аква» аталышындагы өндүрүштүк цех – 3 жаңы жумуш орду түзүлдү; заманбап үлгүдөгү эшик жана терезе чыгаруучу цех ишке киргизилди; коомдук тамактануу тармагында Солтобаев көчөсүндө «Бургер» кафеси ачылып, 3 жаран туруктуу жумуш менен камсыз болду; калкка тиричилик кызматтарын көрсөтүү максатында 1 сулуулук салону (чач тарач



кызматы) ачылды; соода тармагында 1 чарбалык товарлар дүкөнү, 1 азык-түлүк дүкөнү, 1 пахта сатуучу адистештирилген дүкөн жана 1 автоунаа тетиктери дүкөнү пайдаланууга берилди.

Жаңы ачылган ишкердик субөектилеринин ишмердүүлүгү шаар экономикасынын өнүгүшүнө оң таасирин тийгизип, калкты жумуш менен камсыз кылууга жана кызмат көрсөтүү тармагын кеңейтүүгө өбөлгө түзүүдө.

Инвестициялар

Экономист-статист адисинин 2026-жылдын 6 айлык отчеттук көрсөткүчтөрүнө ылайык, Ноокат шаарына тартылган инвестициялардын жалпы көлөмү 2 млн 221 миң 400 сомду түздү.

Анын ичинде: автомобиль жолдорун оңдоо жана өнүктүрүү иштерине – 738 миң 200 сом; шаардык инфраструктураны жакшыртууга жана башка курулуш обөектилерине – 1 млн 483 миң 200 сом; жергиликтүү жеке ишкерлер тарабынан кошумча 150 миң сом өлчөмүндө инвестиция тартылып, жалпы көрсөткүчкө



киргизилди.

Тартылган инвестициялар шаар инфраструктурасын жакшыртууга, ишкердик чөйрөнү өнүктүрүүгө, жаңы жумуш орундарын түзүүгө жана калк үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүүгө багытталды.

Билим берүү

Ноокат шаарынын аймагында 5 жалпы билим берүү мектеби ишмердүүлүгүн жүргүзүп, 2025–2026-окуу жылында жалпы 6249 окуучу билим алды. Анын ичинен 571 окуучу мектепти аяктап, 454ү 9-классты жана 117си 11-классты бүтүрдү. Жалпы мугалимдердин саны 332 адамды түздү. Жалпы шаар боюнча билим сапатынын көрсөткүчү 40,5 пайызды түздү. Жалпы республикалык тестирлөөгө (ЖРТ) шаардагы мектептерден 52 бүтүрүүчү катышып, орточо көрсөткүч 113 балл болду. Шаар аймагында 5 муниципалдык, 2 жеке жана 1 акселератордук мектепке чейинки билим берүү мекемеси иш алып барууда. 1 жаштан 6 жашка чейинки балдардын саны 1900 болсо, алардын 905и бала бакчага тартылып, камтуу деңгээли 43,6 пайызды түздү.

Кыргыз Республикасынын «Билим берүү жөнүндө» Мыйзамынын талаптарын аткаруу максатында билим берүү мекемелеринин материалдык-техникалык базасын чыңдоо жана алардын үзгүлтүксүз иштөөсүн камсыз кылууга жергиликтүү бюджеттен тиешелүү каражаттар бөлүндү. Анын ичинде мектептерди кармоо, оңдоп-түзөө, көмүр, коммуналдык кызматтар, күзөт кызматы жана техникалык камсыздоо боюнча каржылоо жүргүзүлдү. Ошондой эле мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин имараттарын оңдоо, чарбалык буюмдар, көмүр, күзөт жана коммуналдык кызматтар үчүн каражаттар өз убагында каржыланды.



Саламаттыкты сактоо

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн «Ден соолугу чың адам – өнүккөн өлкө» улуттук программасын жана Министрлер Кабинетинин тиешелүү тескемесин аткаруунун алкагында Ноокат шаарынын мэриясы Үй-бүлөлүк дарыгерлер тобу менен биргеликте бир катар профилактикалык иш-чараларды уюштурду.

Социалдык маселелер боюнча адистер инфекциялык эмес оорулардын алдын алуу боюнча окуу-семинарларга катышып, калк арасында түшүндүрүү иштерин жүргүзүштү. «Кан басымыңды билип жүр» аттуу акция өткөрүлүп, шаар тургундарынын жана мэрия кызматкерлеринин кан басымы акысыз текшерилип, дарыгерлер тарабынан кеңештер берилди. Ошондой эле туура тамактануу, сергек жашоо образын карманууу, физикалык активдүүлүктү жогорулатуу жана зыяндуу адаттардан алыс болуу боюнча маалыматтык иштер жүргүзүлдү.

Кургак учукка каршы күрөшүү күнүнө карата медицина кызматкерлеринин катышуусунда шаар тургундары үчүн маалыматтык семинар уюштурулуп, оорунун алдын алуу чаралары боюнча түшүндүрүү иштери өткөрүлдү.

Мектеп окуучулары арасында жугуштуу эмес оорулардын алдын алуу, туура тамактануу, дене тарбия менен машыгуу, ашыкча салмактын зыяны жана психологиялык ден соолукту чыңдоо боюнча түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү.



Социалдык коргоо жана калкты колдоо

Отчеттук мезгил ичинде аз камсыз болгон жана турмуштук оор кырдаалда жашаган үй- бүлөлөрдү аныктоо боюнча үймө-үй кыдыруулар жүргүзүлүп, 140 үй-бүлөнүн социалдык маалыматтары такталып, социалдык паспорттор жаңыртылды.

Жарандардын кайрылуулары өз убагында каралып, мыйзам чегинде тиешелүү жардамдар көрсөтүлдү. «Социалдык контракт» мамлекеттик программасынын алкагында 2026-жылдын 2-мартында жана 28-майында комиссиялык жыйындар өткөрүлүп, жалпы 34 жаран тандалып алынды.



Бардык талапкерлер райондук комиссия тарабынан жактырылып, ар бирине ишкердикти өнүктүрүү үчүн 150 000 сом өлчөмүндө кайтарымсыз мамлекеттик жардам берилди. Ноокат шаарына берилген квота 100 пайыз аткарылды.

Социалдык контракттын катышуучуларынын долбоорлорунун аткарылышына туруктуу мониторинг жүргүзүлүп, бөлүнгөн каражаттардын максаттуу пайдаланылышы көзөмөлдөндү. Шаардагы аз камсыз болгон жана оор дарт менен жабыркаган жарандарды колдоо максатында жергиликтүү бюджеттин эсебинен материалдык жардамдар көрсөтүлдү.

Мыйзамсыз сооданын алдын алуу

Шаар аймагында мыйзамсыз сооданы алдын алуу, санитардык тартипти сактоо жана коомдук коопсуздукту камсыз кылуу максатында үзгүлтүксүз рейддик иш-чаралар уюштурулуп турду.

Отчеттук мезгил ичинде жалпы 12 рейд өткөрүлүп, анын жыйынтыгында: 171 протокол түзүлдү; алардын ичинен 104 протокол боюнча өндүрүү жүргүзүлдү, 29 протокол өндүрүлбөй калды, 22 протокол САКБга өткөрүлдү; 100дөн ашуун эскертүү берилди.

Рейддердин жүрүшүндө мыйзамсыз соода жүргүзгөн жарандар аныкталып, түшүндүрүү иштери жүргүзүлдү, санитардык талаптарды сактоо боюнча эскертүүлөр берилди. Тартип бузган жарандарга мыйзам чегинде айып пулдар салынды. Жыйынтыгында шаар борборунда мыйзамсыз соода фактыларынын саны азайып, коомдук тартипти сактоо багытында оң динамика байкалды.

Тазалык - көрктөндүрүү, жашылдандыруу

Ноокат Тазалык муниципалдык ишканасы тарабынан 2026-жылдын I кварталында Ноокат шаарынын аймагындагы санитардык тазалыкты камсыздоо, катуу тиричилик калдыктарын ташып чыгаруу, көрктөндүрүү жана жашылдандыруу багытында тиешелүү иштер жүргүзүлдү.

Ишкана тарабынан Ноокат шаарындагы катуу тиричилик калдыктары күн сайын чогултулуп, шаардан 22,5 км аралыкта жайгашкан Жалпак-Таш полигонына ташылып чыгарылууда. Тазалык кызматкерлеринин иш убактысы эртең мененки саат 04:30дан башталып, кечки саат 15:30га чейин улантылып, жумуш дем алышсыз жүргүзүлүүдө. 2026-жылдын I кварталында шаар тургундарын таштанды чыгаруу кызматы боюнча абоненттик базага каттоо жана түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп, шаар калкынын болжол менен 60 пайызы каттоого алынды. Учурда ишкананын базасында 9035 абонент катталган.

Шаар аймагындагы көчөлөрдү, борбордук базардын айланасын, социалдык объектилерди жана эс алуу жайларын тазалоо ишкананын негизги милдеттеринин бири болуп эсептелет. Ошондой эле мектептерден, бала бакчалардан, коомдук жайлардан чыккан катуу жана суюк калдыктарды, аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн таштандыларын акысыз ташып чыгаруу иштери жүргүзүлүп, бул чыгымдар ишкананын өздүк каражаттарынын эсебинен каржылануда.

2026-жылдын I кварталында жашылдандыруу иштеринин алкагында:Ош көчөсү жана Солтобаев көчөсүнүн бойлоруна 600 түп арча көчөтү отургузулду; эс алуу паркына жана акимчиликтин алдына жалпы 14 даана “Гардена” суу чачуучу жабдуулар орнотулду; 5700 түп ар түрдүү гүл көчөттөрү эгилди.

Бурма Ысакова.

Чыгармачылык середеги ийгилик

- Гүласал эжеке саламатсызбы, ден-соолугунуз жакшыбы азыр чыгармачылык менен алектенип жатасызбы, чыгармачылыкта кандай жаңылыгыңыз бар?

- Мен көбүнчө драматургия жанрында иштейм да, ыр жазам, бош убакыт болгондо котормо менен дагы алектенем. Азыркы убакта мага жаккан өзбек акындарынын ырларынан да которуп жүрөм. Мендеги жагымдуу жаңылыктардан айтсам, “Кыл көпүрө” деген драмам өзбек тилине которулуп, Бухара музыкалык драма театрында жакшы спектакль даярдашыптыр, жакында коюлду бет ачарына барып келдик. Жакшы чыгарышыптыр. А. Наврузов деген Бухара театрынын көркөм жетекчиси жана башкы режиссеру дагы экен. Аябай кубандык. Достук көпүрөсүнө салым коштум десем да болот.

Жашым деле жогорулаган сайын тез чарчап кала турган болуп калдым чыгармачылыкта күнү-түнү деле иштей албай калат экенсиң. Акыркы мезгилде 1 драма жаздым. “Карындашым” деген тема менен миграция тууралуу жаздым. Азыркы убактагы аялдардын жүгү тууралуу болду. Ошол боюнча жазылды.

Мурунку убактары ырды көп жазчумун. Азыр анча жаза албай калдым. Ыр жазуу да татаал процесс. Ыр жазуу үчүн дагы күндө спортсмендер сыяктуу машыгып туруш керек да. Негизи мугалиммин. Облустук балдар чыгармачылык борборунда музыка сабагы боюнча иштейм. Көпчүлүк убактым азыр ошол балдар



чыгармачылык борборунда өтүп жатат.

- Ааа жакшы экен. Мындан сырткары мен мындай деп сурагым келип турат да. Азыркы убакта Ош жергесиндеги акын жазуучулардын көйгөйү тууралуу. Алар кантип атышат. Алар эмне тууралуу жазып жатышат, эл окуп атабы, каражат жагы кандай болуп жатат? Мамлекеттен колдоо болуп жатабы?

- Бул аябагандай туура суроо болду да. “Кудайдын кулагы сүйүнсүн” дегендей азыркы убакта поэзияга кызыгып, ырларынын үстүнөн иштеген жаштар дагы жок эмес. Улуу муун дагы арбын. Ар ким өз алы жеткенче эле басып чыгарып жатышат. Мамлекеттен каражат жагынан колдоо жок. Чыгара албагандар сандыгында сактап коюп эле жүрүшөт. Бул боюнча ушундай эле дей алам.

- Акча бөлүнүп жатат дегендерди угуп калып жатасыздар да сиздер деле?

- Ооба угуп калабыз, бирок алар бизге жетпей калып жатат окшойт. Кимдер алып кимдер чыгарып жатышат ал боюнча кабарым жок. Бирок жакыш жаштар өсүп келип жатат. Аларга сөзсүз колдоо керек деп айтат элем.

- Ушул жерден дагы 1 суроо бергим келип жатат да. Биздин акын, жазуучулардын арасынан чыгармалары коңшу өлкөлөргө же болбосо дүйнөгө тарай тургандары барбы, азыркыларда ошондой потенциал барбы?

- Кыргыз эли өзү аябагандай таланттуу эл да, мисалы С. Раевдей, А. Акбаровдой, К. Бакировго окшогон акын жазуучуларыбыз бизди дүйнөлүк деңгээлге сүдүрөп келип жатышат да, ал эми жаштардан деле бар аларга эң негизгиси материалдык, моралдык колдоо көргөзүү керек деп ойлойм. Эгер, колдоо болсо келечегинен көптү үмүттөндүргөн жаштар бар.

- Окурмандар журтчулгунан кабарыңыз бар да, алардын арасында окуган,кызыккандары барбы? Кандай байкоодосуз?

- Окурмандар кудайга шүгүр деш керек. Улуу муундар биз китеп окуп чоңойдук да. Китеп окуганга, поэзия укканга кызыккан, жаңы китептер чыктыбы деп арасында сурап окуган жаштар дагы жок эмес. Ошого каниет кылабыз. Дагы дагы жайылтып, жаштарга китеп окутууну кантип жакшы жолго коё алабыз деп ошонун үстүндө көбүрөөк иштешибиз керек.

- Булардан сырткары өзүңүздүн айтаарыңыз барбы, эмнелерди дагы кошумчалайт элеңиз?

- Ооба, көбүнчө конкурстар жарыяланат. Ал конкурстарда жашын чектеп, эч жерде жарыяланбаган чыгарма болуш керек деген талаптарды коюп коюшат. Чыгармачылыкта чек жок да, жашын чектебей эле коюшса деп уюштуруучулардын кулагына күмүш сырга болсун дээр элем. Жашты чектебеш керек.Ошону туура эмес деп ойлойм.

- Эми өзүңүз тууралуу да кыскача айтып берсеңиз?

- 1983-жылы Маяковский атындагы кыргыз кыз-келиндер педагогикалык институтунун музыка жана ырдоо факультетин бүтөргөм да. Ошондон бери педагогика жаатында иштеп келе жатам. 2013-жылдын бери Жазуучулар Союзуна мүчө болуп бир топ чыгармаларды жаздым. Буга чейин 2 драмалар жыйнагым жана 1 ырлар жыйнагым жарык көргөн. Менин чыгармаларым боюнча 3 толук метраждуу жана 2 кыска метраждуу фильмдер тартылган жана бир топ чыгармаларым театрларда коюлуп келе жатат. Атап айтсам, Ош улуттук драма театрында, куурчак театрларында коюлуп келген. “Эртең апамдын туулган күнү”, “Кечир мени” драмаларым сахналаштырылган. Бабур атындагы өзбек музыкалык академиялык драма театрында дагы “Мени кечир” өзбекчеге которулуп коюлган. К. Жантөшөв атындагы Ысык-Көл облустук драма театрында дагы “ кечки саат 7” деген драмам боюнча дагы спектакль коюлду. Кудайга шүгүр деп коеюн. Бишкекте жаш көрүүчүлөр театрында да спектакль коюлуп ошол спектакль Туркиядагы Малтепе 5 конкурста 2 сыйлыкты алып келди. Ал эми Жалал-Абад театрында да “Күтүү” деген драмам коюлган. Баткен облустук драма театрында да коюлган. Негизинен чыгармачылыкта ушундай жаңылыктарым бар.

Ал эми мен өзүм көптөн бери облустук балдар чыгармачылык борборунда кыргыз аспаптарын үйрөтөм жана санжыра этно бөлүмүн жетектейм.

- Чоң рахмат, иштериңизге ийгилик.

Асанбек Каракозуев.

Спорт

ФУТБОЛ - СЕРГЕК ЖАШООНУН МЕКТЕБИ

Спорт ден-соолуктун, шамдагайлыктын, тарбиянын жана мекенчилдиктин булагы деп айтсак да болот. Спорт оюнунун ичинен футбол дүйнөдөгү эң белгилүү жана миллиондогон күйөрмандары бар. Футбол жаштарды ынтымакка, жоопкерчиликке, биримдикке алдыга карай умтулууга тарбиялайт. Ош шаардык дене тарбия жана спорт комитетине караштуу футбол мектеби жаш өспүрүмдөрдү тарбиялоодо, алардын спортко болгон кызыгуусун артырууда, келечектеги кесипкөй футболчуларды даярдоодо өздөрүнүн салымдарын кошуп келишүүдө.

Мектепте машыктыруучулар жаш спортчуларга футболдун териялык жана практикалык негиздерин үйрөтүп, техникалык чеберчилигин өркүндөтүп-өстүрүү менен бирге дене тарбиясын чыңдоого көңүл бурат. Футбол мектебинин тарбияланууучулары шаардык, облустук, республикалык жана коңшулаш мамлекеттерде өткөрүлгөн мелдештерге катышышып, алдыңкы орундарды багындырышып келишүүдө. Ар бир жеңиш машыктыруучунун талыкпас эмгеги жана жаш спортчулардын кызыгуусун арттырып



келет.

Абдыжапар уулу Учкунбек, Ош шаардык дене тарбия жана спорт комитетине караштуу футбол мектебинде 2012-жылдан бери машыктыруучу болуп болуп эмгектенип келе жатат. Үч жолку жаштар арасында Кыргыз Республикасынын кубогун, Кыргыз Республикасынын чемпионатынын жеңүүчүсү, бир нече жолку байгелүү орундарга татыктуу болуп келишкен.

Тжикстандын Худжанд шаарында өткөрүлгөн футбол боюнча Эл аралык турниринде 2 жолку чемпион, ошондой эле Өзбекстан Республикасынын Бухара, Наманган, Фергана, Андижан шаарларында өткөрүлгөн Эл аралык турниринде жеңүүчү болуп аталышкан.

2019-жылы Кытай мамлекетинин Гансу шаарында өткөн футбол боюнча өткөрүлгөн Эл аралык мелдеште, Кытай, Тажикстан, Камбоджа жана Тайланд мамлекеттеринен келген спортчуларды артка калтырып, өздөрүнүн шамдагайлыгын, көрсөтүшүп, 1-орунга ээ болушкандыгын айтып кетмекчибиз.

2026-жылдын 14-июлунан 15-июлуна чейин Казакстан Республикасынын Алматы шаарында өткөрүлгөн футбол боюнча Эл аралык турниринде 2 жаш куракатагы спортчулар 2-орунду алышып, Кыргызстандын атын чыгарышты.



Жогорудагыдай байгелүү орундарга жетишүүдө машыктыруучу Абдыжапар уулу Учкунбектин салымы чоң. Учкунбек мырзанын эмгегинин акыбети кайтып, Ош шаарынын мэриясынын жана Ош шаардык Кеңешинин Ардак грамотасы, Кыргыз Республикасынын Дене тарбия жана спорт комитетинин Ардак грамотасын алган. Кыргыз Республикасынын Дене тарбиясынын отличниги, 2021-жылдын футбол боюнча Кыргыз Республикасынын «Мыкты машыктыруучусу», Ош шаарынын бир нече жолку мыкты машыктыруучусу болгон.

Бурма Ысакова.

Сынак

Кара-Суу районундагы Баш-Булак айыл аймагы төмөндөгү «Өнөр жайынын, транспорттун, энергетиканын, байланыштын, коргонуунун жана башка багыттагы жерлер" категориясындагы муниципалдык жер аянттарына ачык сынак жарыялайт.

1. Лот № 1

Баш-Булак айылынын интернационал участкасында жайгашкан магазиндин орду

630кв.м. Баштапкы ижара акысы 30 000 (отуз миң) сом жылына. Кепилдик төлөм 3000 сом

2. Лот № 2

№ 429-контур 0,10 га

Баш-Булак айылынын Долоно участкасында жайгашкан кой короонун орду 0,10 га. аянттын баштапкы ижара акысы 48 000 (кырк сегиз мин) сом жылына. Кепилдик төлөм 4 800 сом.

3. Лот № 3

№ 240-контур 500 кв.м

Баш-Булак айылынын У.Шамурзаев көчөсүндө жайгашкан 500кв.м аянттын баштапкы ижара акысы 42 000 (кырк сегиз мин) сом жылына. Кепилдик төлөм 4 200 сом.

4. Лот № 2

№ 197-контур 500 кв.м.

Баш-Булак айылынын У.Шамурзаев көчөсүндө жайгашкан 500 кв.м аянттын баштапкы ижара акысы 42 000 (кырк сегиз мин) сом жылына. Кепилдик төлөм 4 200 сом.

***5.* Лот № 2**

№ 197-контур 500 кв.м.

Баш-Булак айыл аймагынын Сөөк завод участогунда жайгашкан өндүрүштүк 4,42 аянттын баштапкы ижара акысы 120 000 (бир жүз жыйырма мин) сом жылына. Кепилдик төлөм 12 000 сом.

Сынактык шарттары

1. Арыз (өздүгүн аныктаган документ,юридикалык жактарга каттоо күбөлүгүнөн көчүрмө)

2.Ишкананын долбоорун даярдап сунуштоо (эскиздик проект).

3.Ишканаңы курууга карата каражаттын (долбоордун наркынын) көлөмү.

4. Жаңы технологиялар.

5.Иш тажрыйбасы.

6.Кадрлардын камсыздалышы.

Сынак – 4-сентябрь күнү саат 10 дө Баш-Булак айыл өкмөтүнүн жыйындар залында өткөрүлөт. Байланыш тел. 0998 222 305, 0755 009 366 , 0998 800 606.

Приглашение к участию

Министерство водных ресурсов, сельского хозяйства и перерабатывающей промышленности Кыргызской Республики

Агентство развития и инвестирования сообществ (АРИС)

Центр конкурентоспособности агробизнеса (ЦКА)

Приглашение к участию

Центр конкурентоспособности агробизнеса (ЦКА) в соответствии с пунктом 7 Положения о порядке предоставления инвестиционной помощи на грантовой основе в виде товаров, работ и услуг, направленной на восстановление общественной инфраструктуры, включая приобретение сельскохозяйственной техники и оборудования, а также оказание технической помощи и проведение обучения за счет средств проекта «Региональное экономическое развитие» в Ошской области и городе Ош, утвержденного приказом Министерства водных ресурсов, сельского хозяйства и перерабатывающей промышленности Кыргызской Республики от 25 июля 2025 года № 05/2-17/189, приглашает принять участие в открытом отборе заявок на получение инвестиционной помощи на грантовой основе.

Инвестиционная помощь на грантовой основе предоставляется в целях восстановления и развития общественной инфраструктуры, включая приобретение сельскохозяйственной техники и оборудования, имеющих ключевое значение для функционирования и развития выбранных цепочек добавленной стоимости, а также для оказания технической помощи и проведения обучающих мероприятий для участников продуктивных партнерств.

В конкурсном отборе могут принять участие органы местного самоуправления, местные сообщества, муниципальные и государственные учреждения, а также иные предприятия и учреждения, находящиеся в ведении Министерства водных ресурсов, сельского хозяйства и перерабатывающей промышленности Кыргызской Республики, на территории которых созданы и функционируют продуктивные партнерства в рамках проекта.

Отбор проводится в рамках реализации проекта Всемирного банка «Региональное экономическое развитие» (ПРЭР) в Ошской области и городе Ош.

Дата и время начало приёма заявок: «01» августа 2026 г. (с 9:00 ч/м).

Дата и время окончания приёма заявок: «31» августа 2026 г. (до 17:30 ч/м).

Прием заявок и консультации по адресу:

Региональный офис Центр конкурентоспособности агробизнеса (ЦКА) г. Ош

г. Ош, ул. Масалиева, 73, 3 этаж, каб, 21

Тел: +996 (770) 817 817,

E-mail: abdibaliev@agromarket.kg

копия: esenaliev@agromarket.kg

Собрание акционеров

ОАО «Алтын-Кол» проводит внеочередное общее собрание акционеров 24 августа 2026 года в 09-00 часов по адресу г. Ош мкр. Туран б/н

Повестка дня:

1. Выборы счетной комиссии.

2. Предоставление части земельного участка Акционерного Общества расположенный по адресу г. Ош ул. М. Ишматова 2б/55а для муниципальных нужд (дорога) при условии справедливой и надлежащей компенсации Компании.

Акционерлер чогулушу

"Алтын-Кол" ААКсы 2026-жылдын 24-августунда саат 09:00дө Ош шаары, Туран кичи району (номерсиз) дареги боюнча акционерлердин кезексиз жалпы чогулушун өткөрөт.

Күн тартиби:

1. Эсептөө комиссиясын шайлоо.

2. Акционердик коомго адилеттүү жана тийиштүү компенсация төлөө шарты менен, коомдун Ош шаары, М. Ишматов көчөсү, 2б/55а дарегинде жайгашкан жер тилкесинин бир бөлүгүн муниципалдык муктаждыктарга (жол курууга) бөлүп берүү.

Жараксыз деп табылсын

Мамасадык кызы Айчүрөккө таандык Баткен облусундагы Баткен районунунун Жаңы-Жер айылындагы Жаңы -Жер орто мектебин 2012 - жылы бүтүргөндүгү тууралуу берилген аттестаты жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

ххх

Багишева Нуржанат Жумамаметовнага таандык академик М.М. Адышев атындагы Ош технологиялык университетин бүтүргөндүгү тууралуу 2014 -жылы 20 -августта берилген, каттоо №449, №УС140155098 сандуу диплому жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

Ххх

"А-Транс Холдинг" ЖЧКга (ИНН:01903201810174) таандык:

1. Казакстан 3 тараптуу – № 756407;

2. Түркмөнстан 2 тараптуу жана транзит – № 344737, 344734;

3. Россия 3 тараптуу – № 303678.

4. Россия 3 тараптуу -303194.

5. Азербайжан 2 тараптуу жана транзит – № 2216364;

6. Турция 3 тараптуу – № 67465 жүк ташуу боюнча берилген уруксат кагазы (дозвол) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

Ххх

Кыргыз Республикасынын Курулуш, архитектура жана турак жай коммуналдык чарба министрлигине карштуу Инженердик изилдөөлөр департаментинин Түштүк филиалы төмөндөгү бош кызмат орундарына кызматкерлерди алууну жарыялайт.

- Лаборатория адиси (химик); 1 орун
- Техникалык базанын башчысы; 1 орун
- Инженер-геолог; 1 орун
- Инженер-геолог; 2 орун (Резервке)
- Айдоочу-жумушчу; 1 орун (Резервке)
- Бурголоочу мастердин жардамчысы; 1 орун (Резервке)
- Адис инженер. 1 орун (Резервке

Квалификациялык талаптар:

Тиешелүү багыттар боюнча жогорку же атайын орто кесиптик билиминин болушу.

Иш стажына талаптар:

Техникалык базанын башчылыгына 3 (үч) жылдан кем эмес айкалыштырылган иш стажы же тиешелүү кесиптик чөйрөдө 5(беш) жылдан кем эмес стаж талап кылынат.

Лаборатория адиси, инженер-геолог, адис инженерге- кесиптик чөйрөдө 1(бир) жылдан кем эмес стаж талап кылынат.

Талаптарга ылайык келген талапкерлер маектешүүгө чакырылат.

Резюмеңизди төмөнкү электрондук дарекке жөнөтүңүз: oshdii@gmail.com

Жумушка орношуу боюнча суроолор үчүн байланыш телефону: 0997232425 (Абдыгапар уулу Каныбек)

Документтерди кабыл алуу 2026-жылдын 10-августуна чейин

Биз кесипкөй адистерден турган командабызга сиздерди кош келиңиздер деп күтөбүз!

Ош жаңырыгы

УЮШТУРУУЧУ:
Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги

Башкы редактор:
КАРАКОЗУЕВ
Асанбек Курманбекович

Жооптуу катчы:
Канымжан Кыдыралиева

Гезит Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигинде катталган.
Катталуу күбөлүгү
213623-3310-У-е
Жазылуу индекси:
68420

Реквизиттер:
ИНН: 02401202310360
ОКПО: 31708371
ОАО "Айыл Банк"
Бик: 135033
Р/эсеп: 1350470020053657

Дареги:
723500, Ош шаары,
Курманжан датка көчөсү, 209-үй.

Жарыяланган макалалар редакциянын толук көз карашын билдирбейт. Жарыя-жарнамалардын текстине редакция жооп бербейт. Кол жазмалар кайтарылбайт.

Байланыш:
Кабылдама: **7–13–34**
Жооптуу катчы: **7–10–02**
Жарнак бөлүмү: **7–11–31**
E-mail: **oshjangaz@gmail.com**

Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалгаланды.
"Принт Мастер" ЖЧКсынын басмаканасында басылды. Бишкек шаары, Анкара көчөсү 1г
Көлөмү А3 - 2 басма табак
Тел: 0 (312) 53-00-00

Буюртма №:829
Нускасы: 1650

VI ДҮЙНӨЛҮК КӨЧМӨНДӨР ОЮНДАРЫНА КАРАЙ ИШЕНИМДҮҮ КАДАМ

Өзгөн районунда акыркы жылдары спорт тармагында чоң өзгөрүүлөр, жаратмандык иштер жүз берди. Жаштардын дени сак жашоо образын калыптандыруу, кесипкөй спортчуларды даярдоо жана улуттук спорттун түрлөрүн өнүктүрүү багытында бир катар долбоорлор ишке ашууда. Мамлекет башчысынын "Инсандын руханий адеп-ахлактык өнүгүүсү жана дене тарбиясы жөнүндөгү" Жарлыгынын алкагында райондо ири спорттук мелдештер, республикалык жеңиштер жана эл аралык деңгээлге чыгуу аракеттери жүрүүдө. Жаштардын спортко болгон дилгирлиги, жергиликтүү машыктыруучулардын талыкпаган эмгеги жана мамлекеттик деңгээлде көрсөтүлүп жаткан колдоолордун натыйжасында өзгөндүк спортчулар республикалык жана эл аралык ареналарда райондун гана эмес, бүтүндөй өлкөнүн намысын бийик коргоп келишет. Өзгөн районунун спорттогу ийгиликтери, VI Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарына карата даярдыктардын жүрүшү тууралуу Ош областтык жаштар иштери, дене тарбия жана спорт башкармалыгынын Өзгөн району боюнча инструктору Мокеев Закир Дөдүевич менен баарлаштык.

Спортту өнүктүрүү багытындагы иш-аракеттер

Өзгөн районунда спорт инфратүзүмдөрүнүн чыңдалышы спортчулардын чеберчилигин жогорулатууга өбөлгө түзүүдө. "Өзгөн" футбол клубу жана жергиликтүү балбандар облустук, республикалык мелдештерде жогорку жыйынтыктарды көрсөтүп келет. Мектептерде жана айылдарда кичи футбол, волейбол, күрөш боюнча мелдештер бат-баттан уюштурулууда. Көк бөрү, эр эңиш, алыш жана тогуз коргоол сыяктуу улуттук оюндарга өзгөчө көңүл бөлүнүп, райондо күчтүү улакчылар жана балбандар мууну калыптанууда.

Жалпыга маалым болгондой, алдыда VI Дүйнөлүк көчмөндөр оюндары өткөрүлөт. Мелдештин салтанаттуу ачылышы Бишкекте пландалып, негизги мелдештер Ысык-Көлдүн жээгинде өтөт. Көчмөндөр оюндарына дүйнөнүн 80ден ашык өлкөсүнөн катышуучулардын келери күтүлүүдө. Ал эми Өзгөн районунан жана Ош облусунан бир катар багыттар боюнча спортчулар улуттук курама командага тандалууда.



Көк бөрү жана Эр эңиш боюнча Өзгөн өрөөнүнөн чыккан тажрыйбалуу улакчылар жана ат үстүндөгү күрөшчүлөр республикалык тандоо мелдештерине катышып жатат. Бел боо күрөшү боюнча (Алыш, Кырчын күрөшү), Өзгөндүк бел боо күрөштүн чеберлери эл аралык ареналарда байгелүү орундарды ээлеп келет жана өлкө намысын коргоого башкы талапкерлердин катарында болушууда. Салбуурун жана жаа атуу боюнча, мыкты мүнүшкөрлөр менен кушчулар жана салттуу жаа атуу чеберлери ошондой эле Тогуз коргоол жана Ордо акыл оюндары боюнча райондук чемпиондор жана тажрыйбалуу оюнчулар атайын машыгуулардан өтүп жатышат.

Көчмөндөр оюндарына жолдомо алган өзгөндүк балбандар

Айрыкча улуттук спорттун түрлөрү боюнча Өзгөн өрөөнү ар дайым чемпиондорду таптап келген. Алдыда өтө турган VI Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарында өлкө намысын коргой турган өзгөндүк балбандар учурда жооптуу машыгуу этабын өтөп жатышат.





Турдукул Абдрахманов — «Эр эңиштин» тирүү легендасы

Анын спорт чөйрөсүндөгү таржымалы терең, тажрыйбасы кенен. Буга чейин Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарына 5 ирет катышып, 3 жолу 1-орунду (алтын) жана 2 жолу 2-орунду (күмүш) багындырган легендарлуу балбан Турдукул Абдрахманов кезектеги 6-Көчмөндөр оюндарына жолдомо алды. Бул ирет ал 100 кг жогору (100+) салмак категориясында күч сынашат. Турдукул балбан менен бирге Канат Алпанов машыгууда. Бул балбандарды Эр эңиш федерациясынын президенти Акматбек уулу Нурланбек өзү жеке көзөмөлүнө алып, даярдап жатат.



Ахрорбек Абдукаимов — "Алыш" күрөшүнүн үмүтү

Өзгөн районунун 26 жаштагы балбаны Ахрорбек Абдукаимов Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарында "Алыш күрөшү" боюнча алгачкы жолу күч сынашат. Ал күрөш дүйнөсүнө 10 жашында келген. Аны атасы, көп жыл катары менен чемпион болгон, күрөш боюнча балбандар династиясынан чыккан Анварбек Абдукаимов машыктырууда. Коңшу мамлекеттерден келе турган негизги атаандаштарын жакшы билген жаш мушкер Ахрорбек Абдукаимов: "Жениш жалгыз күч менен эмес, акыл тактикасы менен келет" деген принципти карманат.

Аркан тартыш жана Таяк тартыш чеберлери

Бишкек шаарында өткөн Кыргызстан Аркан тартыш федерациясынын мелдешинде Өзгөн районунун командасы ийгиликтүү чыгып, VI Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарына жолдомо утуп алышты. Астана шаарында өткөн эл аралык турнирде Өзгөн районунун Зергер айыл аймагына караштуу Ничке-Сай айылынын тургуну Даниель Көчкөнбаев 3-орунду ээлеп, эл аралык байгеге ээ болду. Кара-Суу районунда өткөн "Салам Ош" фестивалында Өзгөндүн Таяк тартыш, Кол күрөшү жана Аркан тартыш курамалары райондор арасында 1-орунду ээлешти.

Мектеп лигасы жана волейболдогу триумф

Өзгөн районунун окуучулары жана волейбол клубдары республикалык аренада жогорку натыйжаларды көрсөтүп, ири акчалай сыйлыктарга ээ болушту. Бишкек шаарында өткөн Мектеп лигасынын республикалык этабында №31 Сатыбалды Кадыров атындагы мектептин окуучу кыздары волейболдон чемпион аталып, 500 000 сомдук сертификатка ээ болушту. Ал эми №66 Адибай Маматов атындагы мектептин эркек балдар командасы волейбол боюнча республикада 3-орунду багындырып, 200 000 сом утууга жетишти.

"Өзгөн" волейбол клубу Кыргызстандын волейбол клубдары арасындагы чемпионатында өлкө чемпиону болуп, 1-орунду багындырды. Манас шаарында өткөн республикалык беттеште Өзгөн спорттук мектебинин кыздар командасы 1-орунду ээлеп, 150 000 сомду утуп алышты. Өзгөн борбордук стадионунда муундар арасындагы волейбол мелдеши уюштурулуп, жеңүүчүлөргө демөөрчүлөр тарабынан 114 000 сом акчалай сыйлык тапшырылды.

Зулпукар Ормоновдун элесине арналган эң ири спорттук мелдеш

Райондо спорт тармагын чыңдоо үчүн материалдык-техникалык базаны жакшыртуу жана заманбап спорт объектилерин куруу активдүү жүрүүдө. Райондун борборунда жана айыл аймактарында жаңы спорт комплекстери ачылууда. Райондун борборунда Зулпукар Ормонов атындагы заманбап спорттук комплекс колдонууга берилип, футбол жана башка спорттун түрлөрү боюнча машыгууга чоң шарт түзүлдү. Учурда райондук борбордук стадионунда миңдеген спортчулардын башын бириктирген ири турнирлердин өтүшү жана Турдукул Абдрахманов, Ахрорбек Абдукаимов өңдүү балбандардын Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарына катышууга жолдомого ээ болуусу — Өзгөн районунун спорттогу улуу пайдубалынын бекемдигин далилдеп турат. Албетте, бул чек болбосун, Өзгөндүк спортчулардын ысымдары ар убак сыймык менен аталып, бийиктиктерди багынта беришине тилектешпиз.

Алдыдагы Дүйнөлүк көчмөндөр оюндарында өзгөндүк спортчулар өлкө намысын татыктуу коргоп, жеңиш куржунун байгелер менен толтурат деген ишеним чоң. Райондун аймагында Көчмөндөр оюндарына даярдыктар ирээти менен өзүнчө тартипте жана бир катар этапта жүрүп жатат. Өзгөндүк спортчулар облустук жана республикалык базаларда интенсивдүү окуу-машыгуу жыйындарынан өтүп жатышат. Аттарды таптоо жана машыктыруу боюнча, Көк бөрү жана ат спортунун түрлөрү үчүн аргымактарды даярдоо, салмак жана чыдамкайлыгын жогорулатуу иштери жүрүүдө. Спорттун күрөш түрүнүн өкүлдөрү эркүүлүк менен чыдамкайлыкты жогорулатуу үчүн тоолуу аймактардагы машыгуу базаларында машыгууларды өткөрүшүүдө.

А.МАТИЕВА.